# ИСТОРИКО-ФИЛОСОФСКИЕ НАУКИ

**УДК : 947.1: 2(575,2)(043,3)**

***Жоробеков Ж.Ж.***
*д.полит.н., проф., гл. науч. сотр. Национальной академии наук Кыргызской Республики*
***Ботобаев С.Т.***
*аспирант Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

## САЛТТУУ ИСЛАМ ЖАНА АР ТҮРДҮҮ ДИНДИК АГЫМДАРДЫН ӨЛКӨНҮН КООПСУЗДУГУНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ (КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮК АЙМАГЫНЫН МИСАЛЫНДА )

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары Кыргызстандагы диний чөйрөдөгү, өлкөнүн социалдык, экономикалык жана саясий жашоосундагы туура багытынан тышкары, ар кандай диний агымдардын мамлекеттин коопсуздугуна тийгизген таасири болуп саналат. Изилдөөнүн максаты - салттуу ислам жана ар түрдүү диндик агымдардын өлкөнүн коопсуздугуна тийгизген таасирин аныктоо. Изилдөөнүн методдору: анализдөө, сурамжылоо,салыштыруу методдору колдонулду. Жумушта, соңку мезгилдерде Кыргызстанда башка өлкөлөрдөн кирип келген ар кандай диний агымдардын айрымдары, өлкөдөгү Ханафи масхабына ылайык калыптанып калган Ислам түшүнүгүнө карата ачыктан –ачык деструктивдүү багыталып жаткандыгына анализ берүү болуп саналат. Ошону менен бирге, элибиздин кылымдар бою түптөлүп калган каада-салтына карата агрессивдүү мамилеси байкалып жатат. Алардын айрымдары Ханафи масхабын дагы мусулмандарды ширк (көпкудайлуулук), жаңычылдык (бидият) менен ачык эле күнөөлөп, көзү өткөндөргө Куран окуп, алакан жайып бата кылууну, Мухаммед Пайгамбардын (с.а.в.) мавлит жумалыгын өткөрүүнү, жаңы келген келиндин улууларга жүгүнүү салтын, улуттук оюндарды (көк бөрү), комузда ойногонду жана башкаларды айыптап жатышат. Бүгүнкү күндө диний саясатты ишке ашыруу боюнча калыптанган принциптер жана коюлган маселелер мамлекеттин өлкөдө светтик принцибин сактоо жана дин тутуу эркиндигин камсыздоо боюнча так багыттарын көрсөтөт. Мамлекеттин кабыл алган позициясынын алкагында тынчтыкты жана туруктуулукту камсыздоо үчүн Кыргызстандагы диний кызматкерлердин жана жалпысынан жарандык коомдун өкүлдөрүнүн жигердүү катышуусу жана кеңири колдоосу керек болот.*

***Негизги сөздөр:*** *ар түрдүү диндик агымдар; туура багыт; мамлекеттин коопсуздугу; руханий мурастар; Ислам дини.*

## ВЛИЯНИЕ ТРАДИЦИОННОГО ИСЛАМА И РАЗЛИЧНЫХ РЕЛИГИОЗНЫХ ПОТОКОВ НА БЕЗОПАСНОСТЬ СТРАНЫ (НА ПРИМЕРЕ ЮЖНОГО РЕГИОНА КЫРГЫЗСТАНА)

*Предметом исследования в данной работе является влияние различных религиозных течений на безопасность государства, а также правильное направление в религиозной сфере Кыргызстана, социальную, экономическую и политическую жизнь страны. Цель исследования – определить влияние традиционного ислама и различных религиозных течений на безопасность страны. Методы исследования в данной работе - метод анализа, опроса, сравнения. В данной работе, заключается анализ того факта, что некоторые из различных религиозных течений, пришедших в Кыргызстан из других стран в последнее время, явно деструктивно направлены по отношению к концепции ислама, сформировавшейся согласно ханафитской школе, в то же время замечается агрессивное отношение нашего народа к многовековым традициям. Некоторые из них открыто обвиняли ханафитский масхаб и мусульман в многобожии и нововведениях, чтении Курана умершему, благославение, проведении недели мавлит Пророка Мухаммада (мир ему и благословение Аллаха), а также традиция новой невесты кланение старшим, осуждают национальные игры (Кок бору), игра в комузе и другие. Сегодня сложившиеся принципы и вопросы реализации религиозной политики показывают четкую направленность государства на сохранение светского принципа и обеспечение свободы вероисповедания в стране. Для обеспечения мира и стабильности в государстве, потребуется*

*активное участие и широкая поддержка религиозных деятелей Кыргызстана и представителей гражданского общества в целом.*

***Ключевые слова:*** *различные религиозные течения; правильное направление; безопасность государства; духовное наследие; Исламская религия.*

## THE INFLUENCE OF TRADITIONAL ISLAM AND VARIOUS RELIGIOUS STREAMES ON THE SECURITY OF THE COUNTRY (USING THE EXAMPLE OF THE SOUTHERN REGION OF KYRGYZSTAN)

*The subject of research in this work is the influence of various religious movements on the security of the state, as well as the right direction in the religious sphere of Kyrgyzstan, the social, economic and political life of the country. The purpose of the study is to determine the influence of traditional Islam and various religious movements on the security of the country. The research methods in this work are the method of analysis, survey, comparison. This work consists of an analysis of the fact that some of the various religious movements that have come to Kyrgyzstan from other countries recently are clearly destructively directed towards the concept of Islam, formed according to the Hanafi school, at the same time, the aggressive attitude of our people towards centuries-old traditions. Some of them openly accused the Hanafi Mashab and Muslims of polytheism and innovation, reading the Quran to the deceased, blessing, celebrating the week of Mawlit of the Prophet Muhammad (peace and blessings of Allah be upon him), as well as the tradition of the new bride bowing to elders, condemning national games (Kok Boru), playing in Komuz and others. Today, the established principles and issues of implementing religious policy show a clear focus of the state on preserving the secular principle and ensuring freedom of religion in the country. To ensure peace and stability in the state, the active participation and broad support of religious leaders of Kyrgyzstan and representatives of civil society in general will be required.*

***Key words:*** *various religious movements; right direction; state security; spiritual heritage; Islamic religion.*

Айрым топтор болсо өздөрү окуп келген өлкөдө үстөмдүк кылган башка масхабдардын принциптерин, же болбосо акыйдасын (ишенимин) жергиликтүү жаштар арасында жайылта башташты. Ошондуктан улуттук биримдикти, мусулмандар арасындагы ынтымакты, руханий баалулуктарды коргоо жана колдоо максатында мамлекеттик саясатта жана концепсияда көрсөтүлгөн жана кабыл алынган «салтуу Ислам» терминин чечмелеп, түшүндүрүп ачып берүү зор мааниге ээ. Салттуу Ислам-белгилүү бир өлкөдө аймакта улуттук жана диний биримдикти сактап келген каада-салт жана үрп-адаттар менен бирге гармонияда жашап, тарыхый мезгил ичинде терең түптөлүп калган Исламдын жана анын практикасынын аныктамасы катары жакынкы эле мезгилде (массалык маалымат каражаттары) ММКда колдонууга киргизилген светтик термин болуп саналат.

Көптөгөн дүйнө элдери өздөрүнүн улуттук маданияттары менен бирге карманган жана Аллахтын жалпы адамзатка акыр кыяматка чейин ыроолонгон акыркы дини болгон Ислам, диний максаттарга таянуу менен ар бир элдин каада-салттарына тиешелүү болгон өзгөчөлүктөрдү жөнгө салат.

Диний чөйрөдө «салтуу Ислам» деген өзүнчө термин жок, бирок «салттуу Ислам» түшүнүгү (Кыргызстандагы жана Орто Азия өлкөлөрүндөгү) Мавaранахрдын ханафи окумуштууларынын жолун жана ыкмасын, илимий казынасын жана руханий баалуулуктарын түшүндүрөт.

Сирия, Иран, Пакистан, Туркия, Индия жана башка ушундай сыяктуу башка аймактардагы же өлкөлөрдөгү Ханафи мектеби жана андагы руханий мурастар аталган өлкөлөр үчүн салтту болуп саналат да, ушул эле өлкөлөр үчүн салттуу Ислам катары белгиленет. Башкача айтканда, бул өлкөлөрдөгү жергиликтүү элдердин тутунган Ханафи масхабы ал элдердин өздөрүнө гана таандык болгон улуттук менталитетине, маданиятына,

каада-салт, үрп-адаттарына таянуу менен Кыргызстанда жана Орто Азия өлкөлөрүндө жашаган элдердикинен айырмаланып турат.

Ошондуктан борбору Бухара жана Самарканд болгон Борбордук Азиядагы ханафизм, жергиликтүү салттарды, аймакта жашаган элдердин маданий өзгөчөлүктөрүн, көчмөн турмушта жашап же жериштетүү менен алектенгендигин, саясий түзүмүн, коомдун социалдык түзүлүшүн, экономикасын жана башкаларын эске алганда, башка аймактардан (Ханафи масхабы кеңири тараган башка аймактардандагы) айырмаланып өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөргө ээ.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстандагы ханафизм же «салтуу Ислам» түшүнүгү, укуктук мектеп катары, өз ичине акылга таянуу менен (ахль рай) түзүлгөн Ханафи масхабын жана анын методологиясын, Матуридийдин диний ишенимин (келам), Накш бандиятари катын (тасаввуф) жана Исламга каршы келбегенин эске алуу менен жергиликтүү каада-салт, үрп-адаттарды жана маданий өзгөчөлүктөрдү камтыйт.

Кыргызстан эгемендик алаары менен өлкөгө жаңы диний агымдар кирип келген. Көпчүлүгү христиан динине таандык агымдар. Андан тышкары ислам дининдеги агымдар да бар. Айтор, бул чакан тоолуу өлкөгө Советтер Союзунан мурас калган улуттук көп түрдүүлүктүн үстүнө диний көп түрдүүлүктүн пайда болушуна алып келди. Азыркы күндө Борбор Азияда жайгашкан кошуналарына салыштырмалуу Кыргызстанда диний көп түрдүүлүк күсөп жатат.

Ушундай шартта Кыргызстандын бийлиги диний чөйрөдө мамлекеттик саясат жүргүзүш үчүн 2014-жылы концепция иштеп чыккан. Концепцияда мамлекеттин түзүлүшүнө дин аралашпаганы, поликонфессиякык экени, өлкө коомдун кайсы бир бөлүгүнө эмес, бүткүл коомго кызмат кылаары айтылган. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамына шилтеме кылуу менен өлкөдө эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынышы мүмкүн эмес экени белгиленген (1-бет, Концепция).

Бирок ошол эле документ өлкөдө ислам динин, анын ичинен ханафи масхабын өнүктүрүүгө шарт түзүп берүүнү көздөйт.

Концепция менен катар усулдук материалдар да жарык көрүп, аларда бул тууралуу (ханафи масхабын өнүктүрүү) ачык эле айтылган. Эмне себептен бул билдирүү көйгөйлүү экенине көңүл бургум келет.

(…) Диний фундаментализм, радикализм жана экстремизм пикирлеринин жайылуусу менен күрөшүү максатында, мамлекет өлкө мусулмандары үчүн салттуу болгон исламга колдоо көрсөтөт. Жогоруда белгилеп өткөндөй, салттуу ислам- бул өлкө мусулмандары үчүн негиз болгон Куран менен Сүннөттү кармануудa, исламга каршы келбеген жергиликтүү өзгөчөлүктү жана маданиятты тааныган дин болуп саналат. (…) Кыргызстанда ата-бабаларыбыз тарабынан кылымдардан бери тутунуп келген исламдын баалуулуктарын тагыраак түшүнүшү үчүн «салттуу ислам» терминин колдонуу кажети туулуп олтурат. (Усулдук материалдын корутундусу, 2015-жыл, 31-бет).

Кыргызстандын бийлиги «салттуу ислам» деген термин аркылуу бул диндин ичиндеги масхабдын Борбор Азиядагы версиясын, бери эле дегенде обочолонтуп кыргыз версиясын көргөнгө аракет кылып атат. Анткени ханафи масхабын кармангандар Сирияда, Ооганстанда, Египетте, Бангладеште да бар. Анын үстүнө Кыргызстандагы мусулмандардын баары эле ханафи масхабынын өкүлдөрү эмес. Ханафизмге артыкчылык берүү менен өлкөдөгү башка мусулмандар көңүлдөн сыртта калууда.

Жаштардын арасындагы сакал коюу жана кыз-келиндердин арасындагы хижаб кийүү көрүнүштөрүн мисал катары алалы. «Кыргыздаатасы тирүү туруп сакал койгон эмес,

турмушка чыга электе жоолук оронгон эмес» дегендер азыркы күнгө чейин кездешет. Ал эми бул окуянын эки тарабында тең өздөрүн мусулман деп эсептегендер турат.

Кыскача айтатурган болсок, ислам – бул глобалдык кубулуш. Аны бир мамлекеттин чектеринде кармап турууга мүмкүн эмес жана эч кандай кажет жок.

«Дин, укук жана саясат» борборунун жетекчиси Кадыр Маликов Кыргызстандагы жана Борбор Азиядагы коопсуздукка негизинен тышкы факторлор таасир тийгизип жатканын айтты. – Кыргызстандагы жана жалпы эле Борбор Азиядагы абалга сырткы жагдайлар көбүрөөк таасир тийгизип жатканын биз түшүнүшүбүз керек. Кээ бир мамлекеттер динди, тагыраак айтканда исламды колдонуу аркылуу өздөрүнүн сырткы саясатын жүргүзүүдө. Алар исламды тышкы саясатта идеологиялык долбоор катары колдонушат. Мусулман мамлекеттерине лидер болууну каалаган чоң мусулман мамлекеттери өз ара атаандашып жатышат.

Мындан сырткары, ислам дини бардык мусулман мамлекеттеринде, анын ичинде өздөрүн дүйнө бий деп эсептеген мамлекеттердин ички саясатында да негизги жагдайлардын бири. Мусулман мамлекеттери кайрадан исламдашуу жараяндарына күбө болуп жатышат. Ислам дини маданият, тарых же болбосо исламий каада-салт катары эмес, саясий фактор катары кабылалына баштады. Ислам саясий жана экономикалык кризистерден чыгуунун жолу катары каралып жатат. Мусулман мамлекеттеринде чыныгы демократиянын жоктугу, социалдык теңсиздиктин өкүмсүрүшү, экономикалык, илимий-техникалык артта калуу исламга ушундай миссиянын жүктөлүшүнө түрткү болуп жатканчагы. Муну менен катар мусулмандар Батыш мамлекеттерине исламдын душмандары жана колониялдык коркунуч катары карашат.

Дагы бир маанилүү маселе–бул саясий ислам же исламдагы саясат маселеси. Азыр исламды саясаттан бөлүп кароого болбойт. Бирок исламдан саясатташкан исламды, тагыраак айтканда исламды саясий максатта колдонууну бөлүп караш керек. Ислам жана саясат маселесин биз тарыхтан өчүрүп коеалбайбыз. Себеби тарыхта халифат деген нерсе болгон. Ислам мамлекет түптөөчү система болуп да эсептелет.

Геосаясат боюнча адис Таалатбек Масадыков болсо экстремисттик топтордун жайылуу коркунучунун негизги себеби социалдык-экономикалык маселелерге барып такалаарын белгиледи: -Коркунуч бар, бирок бул коркунуч үчүн НАТОну, Американы же Орусияны күнөөлөп кереги жок. Эң негизги себеп–социалдык–экономикалык проблемалардын чечилбей жатышы. Нан жок болсо, иш жок болсо, көчөдө тартип жок болсо, эл адилеттүүлүктү издей баштайт. Ушул жерде саясий максатты көздөгөн ар түрдүү оюнчулар пайда болуп жатат.

Борбор Азияга ар кайсы держава ар түрдүү карайт жана бул чөлкөм талашка түшүп жаткан кез. Америка Кошмо Штаттары Борбор Азияны Орусиянын таасиринен арылтып, Оооганстан менен кошо НАТОнун кол алдына өткөргүсү келет.

Боробор Азия үчүн коркунуч азыркы учурда Ооганстан менен Пакистандын аймагында пайда болуп жатат. Мунун тарыхый өтмүшү да бар. Эске сала турган болсок, 1979-жылы Советтер Союзу Ооганстанга аскерлерин киргизгенде аларга каршы мусулмандар жалпы жихад жарыялаган эле. Бул жихадды мусулман мамлекеттери жана Батыштын бардык мамлекеттери колдогон. Бул согуштун айынан 1980-жылдан тартып Пакистанда, тагыраак айтканда ар түрдүү уруулар өз алдынча жашаган түндүк жана түштүк Вазиристанда качкындардын лагерлери пайда болгон. Ал лагерлер кийинчерээк жоочулардын лагерлерине, машыгуу лагерлерине айланган. Кыскасы бул ларгерлерде талибдер, андан соё башка топтор тарбияланышкан.

Качкындардын лагери жөндөн-жөн эле согушчандардын лагерине айланбай турганын айткан Масадыковалардын артында белгилүү күчтөр болгонун, негизи эле дайыма терроризмди колдогондор чыгаарын эске салып, Пакистан менен Ооганстандагы качкындардын лагерлерине акча жана курал жарак берилгенин баса белгиледи.

“Ислам мамлекети” уюмуна да курал жарак берилип, колдоо көрсөтүлгөнүн эске салган Масадыков “бул уюмга мындан ары Ооганстанда колдоо көрсөтүлөт жана ал Борбор Азия мамлекеттери үчүн коркунуч туудурат” деген божомолун ортого салды:

-Булардын баары бир жерден экинчи жерге которулуп, көчүп турган өзүнчө долбоор болуп эсептелет. Буга окшогон долбоорлорго жаштардын кошулуп жатканына ар түрдүү себептер бар. Кээ бирлери жумуш издеп барса,кээ бирлерин бийлик таарынткан. Негизинен адилеттүүлүктү издегендер кетип жатышат. Билбей ал жакка барып калгандар да аз эмес.

Кыргызстанда диний уюмдардын жана кыймылдардын ар кандай категориялары иш алып барышат. Мыйзамга ылайык, диний уюм өзүнүн диний ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясында диний уюм катары эсептик каттоодон өткөндөн кийин гана жүргүзө алат. Башка эч бир жарандык коомдун мекемеси диний ишмердүүлүк жүргүзө албайт. Өлкөдө катталган диний уюмдардын саны 2500дөн ашат. Алардын арасында ислам, христиан, иудаизм, буддизм сыяктуу, арасында мечит жана чиркөөлөр да камтылган, ар кандай багыттагы диний уюмдар бар. Алардын бардыгы, мыйзамга ылайык, өзүнчө диний уюм катары саналып катталат. Кыргызстандагы эң ири диний уюм болуп – Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы (КМДБ) же башкача айтканда муфтият эсептелинет. Кыргызстанда диний ишмердүүлүгүн мыйзамсыз түрдө жүргүзгөн жана каттоодон өтпөгөн диний уюмдар жана кыймылдар дагы бар. Бул диний агымдар азырынча өлкөгө деструктивдүү жана экстремисттик ишмердүүлүк коркунучун туудурбайт, бирок мындай потенциалдык мүнөзгө ээ болушу толук мүмкүн.

Диний уюмдардын жана кыймылдардын дагы бир категориясы – бул тыюу салынган уюмдар. Аталган уюмдардын жана кыймылдардын иммердүүлүгү Кыргыз Республикасынын аймагында ар кандай сот инстанциялары тарабынан деструктивдүү, экстремисттик жана террористтик деп табылып тыюу салынган. Ошондуктан бул уюмдардын жана кыймылдардын ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын “Экстремизм жөнүндөгү” мыйзамына ылайык мыйзамсыз катары каралып, укук коргоо органдары жана улуттук коопсуздук күчтөрү тарабынан көзөмөлгө алынып токтотулат. Экстремисттик жана террористтик уюмдардын мүчөлөрү экстремисттер жана террористтер катары каралып, мыйзамга ылайык өздөрүнүн ишмердүүлүгү үчүн жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн. Олкобуздун аймагында деструктивдуу, экстремисттик жана террористтик деп 19 уюм жана кыймыл табылган.

**Жыйынтыктар:**

1. Бүгүнкү күндө Кыргызстандагы диний кырдаалды карап чыгып, коомдогу динге болгон кызыгуунун жогорулашын жана калктын радикалдашуусунун күчөшү тез аранын ичинде дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты (реформалоо) терең көңүл буруп кароо актуалдуулугу жаралды;

2. Башталган реформалоо жараяны мамлекеттин дин чөйрөсүндөгү өз ара аракеттенүүнүн негизги аспекттерин өзүнө камтыйт. Бул үчүн диний фундаментализм, радикализм жана экстремизм пикирлеринин жайылуусу менен каршы күрөшүү максатында, мамлекет өлкө мусулмандары үчүн салттуу болгон исламга колдоо көрсөтөрү белгиленди;

3. Жогоруда белгилеп өткөндөй, салттуу ислам – бул өлкө мусулмандары үчүн негиз болгон Куран менен Сүннөттү кармануууда, исламга каршы келбеген жергиликтүү өзгөчөлүктү жана маданиятты тааныган дин болуп саналат. Ошондой эле социалдык маселелерди чечүүдө

жана учурдагы жетишкендиктерге жигердүү катышууда б.а. илимдин, өндүрүштүн, экономиканын жана искусствонун өнүгүүсүнө салым кошууга каршы келбегендин баары акыйкат диндин жана анын салттарынын бир бөлүгү болуп эсептелинери анык;

4. Кыргызстанда ата-бабаларыбыз тарабынан кылымдардан бери тутунуп келген исламдын баалуулуктарын тагыраак түшүнүшү үчүн ушул "салттуу ислам" терминин колдонуу бүгүнкү күндүн талабына туура келээри белгиленди;

5. Бүгүнкү күндө диний саясатты ишке ашыруу боюнча калыптанган принциптер жана коюлган маселелер мамлекеттин өлкөдө светтик принцибин сактоо жана дин тутуу эркиндигин камсыздоо боюнча так багыттарын көрсөтөт. Мамлекеттин кабыл алган позициясынын алкагында тынчтыкты жана туруктуулукту камсыздоо үчүн Кыргызстандагы диний кызматкерлердин жана жалпысынан жарандык коомдун өкүлдөрүнүн жигердүү катышуусу жана кеңири колдоосу керек болгондугу белгиленди.

**Адабияттар тизмеси:**


1. **Маликов, К.** «Салттуу Ислам» терминин түшүнүү жана чечмелөө [Текст] / К. Маликов // Такыба-Аллах Тааланын буйруктарын бузуудан корккон, б.а. ыйманы күчтүү мусулман. - Бишкек, 2010.
2. Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 31-декабрындагы №282 "Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" мыйзамы, http://religion.gov.kg/ru/legal_base.
3. КР Президентинин 2014-жылдын 14-ноябрындагы "2014-2020-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын диний чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясы жөнүндө" Жарлыгы.
4. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2014-жылдын 14-ноябрында Жарлыгы менен бекитилген 2014-2020-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын диний чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясы.
5. **Бартольд, В.В.** Дилбаяндар [Текст] / В.В. Бартольд.- Москва, 1963.-2Т.- 1Ч.
6. **Бартольд, В.В.** Дилбаяндар [Текст] / В.В. Бартольд.- Москва, 1966.- 6Т.
7. "Акипресс" маалыматтык агенттигинин жаңылыгы, http://www.akipress.org, 2013.
8. Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын маалыматы, http://religion.gov.kg
9. КР ДИМКнын маалыматы, http://religion.gov.kg


DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.401

Поступила в редакцию: 23.03.2024 г.